# Миграция жана күн тартиби 2030

Туруктуу өнүгүү максаттарынын (ТӨМдүн) комплекстүү милдеттериндеги миграция маселелеринин актуалдуулугу

IOM
UN MIGRATION

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Agency for Development and Cooperation SDC

Бул басылмада камтылган жыйынтыктар, чечмелөөлөр жана корутундулар сөзсүз түрдө эле Миграция боюнча Эл Аралык Уюмдун (МЭАУ) же ага мүчө мамлекеттердин көз карашын чагылдырбайт. Колдонулган белгилөөлөр жана берилген материал МЭАУнун кайсы бир өлкөнүн, аймактын же райондун, же анын бийлигинин алардын чек араларына карата, же бул басылманы даярдоого катышкан адамдардын укуктук макамына карата ой-пикирин билдирбейт.

МЭАУ гумандуу жана тартипке келтирилген миграция мигранттарга жана коомго пайда алып келет деген принципти карманат. Эл аралык уюм катары МЭАУ дүйнөлүк коомчулукта өнөктөштөрү менен биргеликте миграциянын күндөлүк милдеттерин чечүүгө, миграция жаатындагы маселелерди түшүнүүнү илгерилетүүгө, миграция аркылуу социалдык жана экономикалык өнүгүүгө шык-дем берүүгө, ошондой эле мигранттардын адамдык кадыр-баркын жана бакубаттуулугун камсыздоо принциптеринин сакталышына жардам берүүгө колдоо көрсөтөт.

Бул басылма Соня Ирвин тарабынан редакцияланып, МЭАУ тарабынан расмий редакцияланбастан басып чыгарылды.

Басмакана:
Миграция боюнча Эл Аралык Уюм
17, Ру де Морийон
1211 Женева 19
Швейцария
Тел: + 41 22 717 91 11
Факс: + 41 22 798 61 50
Эл. почта: hq@iom.int
Веб-сайт: www.iom.int

© 2018 Миграция боюнча Эл Аралык Уюм (МЭАУ)

Баардык укуктар корголгон. Басылманын эч бир бөлүгү автордун алдын ала жазуу жүзүндөгү уруксаты болмоюнча кайра басылууга, издөө тутумунда сакталууга, кандай гана формада же кайсы гана каражаттар аркылуу болбосун – электрондук, механикалык, көчүрмө жасоочу, жазып алуучу же башка тутумдар аркылуу берилүүгө тийиш эмес.

Дизайн: lsgraphicdesign.it

# Миграция жана күн тартиби

Туруктуу өнүгүү
максаттарынын
(ТӨМдүн) комплекстүү
милдеттериндеги
миграция маселелеринин
актуалдуулугу

**ТИРКЕМЕЛЕР**

# Туруктуу өнүгүү максаттарынын (ТӨМдүн) комплекстүү милдеттериндеги миграция маселелеринин актуалдуулугу

## 1-МАКСАТ. ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫН БААРДЫК ЖЕРДЕГИ БҮТКҮЛ ФОРМАЛАРЫН ЖОЮУ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **1.1** 2030-жылга карата дүйнөдөгү баардык адамдар үчүн терең жакырчылыкты жоюу (азыркы тапта терең жакырчылык деп күнүнө 1,25 АКШ доллары өлчөмүндөгү суммага жашоо аныкталган) | Мигранттардын топторунун, анын ичинде башпаанек издеген адамдардын, качкындардын жана ички жер которгон адамдардын (ИЖА) укуктары менен кызыкчылыктарын жергиликтүү жана улуттук саясаттарга жана терең жакырчылыктын масштабын кыскартуу программаларына интеграциялоо.<br><br>Миграция жана мигранттар менен алардын үй-бүлөлөрү үчүн кедейликти кыскартуунун ортосундагы байланышты таануу жана колдоого алуу. Мисалы, кирешелерине, саламаттык сактоо менен билим берүүгө таасир этүү, анын ичинде акчалай которуулар, көндүмдөр жана билим менен бөлүшүү жана башка көптөгөн нерселер аркылуу. Мигранттардын эмгек шарттарынын начардыгы жана акчалай которуулардын чыгымынын көп болушу сыяктуу аталган оң натыйжаларды чектеп жаткан бөгөттөрдү четтетүү. |
| **1.2** 2030-жылга карата жакырчылыктын улуттук аныктамаларга ылайык келген каалагандай көрүнүштөрүндө күн кечирген эркектердин, аялдардын жана баардык курактагы балдардын үлүшүн жок дегенде жарым-жартылай кыскартуу | Мигранттардын топторунун, анын ичинде башпаанек издеген адамдардын, качкындардын жана ички жер которгон адамдардын (ИЖА) укуктары менен кызыкчылыктарын жергиликтүү жана улуттук саясаттарга жана терең жакырчылыктын масштабын кыскартуу программаларына интеграциялоо.<br><br>Миграция жана мигранттар менен алардын үй-бүлөлөрү үчүн кедейликти кыскартуунун ортосундагы байланышты таануу жана колдоого алуу. Мисалы, кирешелерине, саламаттык сактоо менен билим берүүгө таасир этүү. Анын ичинде акчалай которуулар, көндүмдөр жана билим менен бөлүшүү жана башка көптөгөн нерселер аркылуу. Мигранттардын эмгек шарттарынын начардыгы жана акчалай которуулардын чыгымынын көп болушу сыяктуу аталган оң натыйжаларды чектеп жаткан бөгөттөрдү четтетүү. |
| **1.3** Улуттук деңгээлде баардык адамдар үчүн социалдык коргоонун тийиштүү тутумдары менен чараларын ишке киргизүү, анын ичинде минималдуу деңгээлдерди аныктоо, жана 2030-жылы калктын кедей жана аялуу катмары жетишээрлик камтылышына жетишүү | Мигранттарга, өзгөчө макамы жөнгө салынбаган мигранттарга социалдык коргоо жеткиликтүү болушун, алардын укуктуулугун жана камтылышын кеңейтүү, ошондой эле бул убайлардын мобилдүү болуу жана өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо боюнча иш-аракеттерди күчөтүү. |

| | |
|---|---|
| **1.4** 2030-жылга карата баардык эркектер менен аялдар, өзгөчө – колунда жок жана аялуулар экономикалык ресурстарга тең укуктуу болушун, анын ичинде аларга негизги кызмат көрсөтүүлөр, жер жана башка менчик формаларына ээлик кылуу жана пайдалануу, мураска калган мүлк, табигый ресурстар, тийиштүү жаңы технологиялар жана каржылык кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде чакан каржылоо жеткиликтүү болушун камсыздоо | Негизги кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануудагы, жерге жана менчиктин башка формаларына ээлик кылуу жана көзөмөлдөөдөгү теңсиздикти жоюу. Мигранттардын укуктарын коргоо, алардын өздөрү барган коомдун социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнө салым кошууга мүмкүнчүлүгү болушун камсыздоо. Бул көйгөйлөрдү чечүү миграциянын ыктымалдуу кыймылдаткыч күчү болуп кала алат.<br><br>Мигранттарга экономикалык ресурстар, негизги кызмат көрсөтүүлөр, менчик жана жер менен менчиктин башка формаларына көзөмөл кылуу жеткиликтүү болушун кеңейтүү.<br><br>Мигранттардын укуктарын жана аларга экономикалык ресурстар, негизги кызмат көрсөтүүлөр, жерге болгон менчик жана башка менчик, көзөмөл кылуу жеткиликтүү болушун жакшырткан механизмдерди өркүндөтүү. |
| **1.5** 2030-жылга карата колунда жок жана аялуу абалда болгон адамдардын жашоого туруктуулугун жогорулатуу, алардын климаттын өзгөрүшүнөн улам жаралган, экстремалдуу кубулуштардын жана башка экономикалык, социалдык, экологиялык кырсыктардын алдында корголбогон жана аялуу абалын жеңилдетүү | Климатка байланышкан окуялар жана башка экономикалык, социалдык, экологиялык жана табигый кырсыктар адамдарды жашап жаткан жеринен көчүп кетүүгө кантип мажбурлап жаткандыгын изилдөө.<br><br>Миграция менен мигранттардын табигый кырсыктар тобокелдигин азайтуу жана башкаруу процессине, кырсыктардан кийинки жоол кайтарууга жана гуманитардык жоол кайтаруунун башка түрлөрүнө интеграциялануусу.<br><br>Адамдар көчүп кетүүгө мажбур кылган экстремалдуу жагдайлардан өздөрүн алардын жардамы менен коргой ала турган көнүп кетүү стратегияларын жана башка механизмдерди күчөтүү. Миграцияны көнүп кетүү стратегиясы катары таануу.<br><br>Миграция алардын жардамы менен калктын аялуу катмарларынын туруктуулугун жогорулата ала турган механизмдерди бекемдөө. Тактап айтканда, үй чарбачылыгынын миграция, каржылык жана социалдык которуулар жана башка стратегиялар жолу менен кризиске, экономикалык тобокелдиктерге жана кыйынчылыктарга каршы күрөшүүсүнө жардам берүү аркылуу бекемдөө. |
| **1.A** Ар кандай булактардан олуттуу ресурстарды мобилизациялоону камсыздоо, анын ичинде өнүгүп жаткан өлкөлөргө, өзгөчө азыраак өнүккөн өлкөлөргө жакырчылыктын баардык формаларын жоюу боюнча программаларды жана стратегияларды ишке ашыруу үчүн жетиштүү жана аныктaлуу каражаттарды берүү үчүн өнүгүү максатында кызматташууну активдештирүүнүн негизинде камсыздоо | Миграцияга байланышкан акчалай которууларды, диаспоралык инвестицияларды жана башка акча каражаттарынын агымын жоопкерчиликтүү жана адилет пайдаланууну өнүгүү жана кедейликти жоюу боюнча интервенцияларды ишке ашыруу максатында колдоо. |
| **1.B** Улуттук, аймактык жана эл аралык деңгээлде жакырчылыкты жоюу боюнча иш-чараларга ыкчам инвестициялоого көмөктөшүү үчүн өзүнө кедейлердин кызыкчылыктарын жана гендердик аспектилерди эске алган өнүгүү стратегияларын камтыган ишенимдүү стратегиялык механизмдерди түзүү | Миграциянын өнүгүү жана кедейликти жоюу процессиндеги ролун тааныган жергиликтүү, улуттук, аймактык жана эл аралык саясат; миграция көйгөйүн жергиликтүү же улуттук өнүгүү пландарына интеграциялоо. |

## 2-МАКСАТ. АЧАРЧЫЛЫКТЫ ЖОЮУ, АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО, ТАМАК-АШТЫ ЖАКШЫРТУУ ЖАНА АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ КӨМӨКТӨШҮҮ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **2.3** 2030-жылга карата жер, башка өндүрүштүк ресурстар, айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүк факторлору, билим, каржы кызмат көрсөтүүлөрү жана рыногу, айыл чарбалык эмес жааттардагы кошумча наркты жана ишке орноштурууну жогорулатуу үчүн мүмкүнчүлүктөр бирдей жана кепилденген түрдө жеткиликтүү болушун камсыздоо аркылуу айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана чакан азык-түлүк өндүрүүчүлөрдүн, анын ичинде аялдардын, жергиликтүү калктын өкүлдөрүнүн, үй-бүлөлүк дыйкан чарбаларынын, мал багуучулардын жана балыкчылардын кирешесин эки эсеге жогорулатуу | Чакан тамак-аш өндүрүүчүлөрдүн кирешесин жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, анткени булар миграциянын ыктымалдуу фактору болушу мүмкүн. |
| **2.4** 2030-жылга карата азык-түлүк өнүмдөрүн өндүрүүнүн туруктуу тутумдарын түзүүнү камсыздоо жана жашоого туруктуулукту, өндүрүмдүүлүктү, ошондой эле өндүрүш көлөмүн жогорулатууга мүмкүнчүлүк берген, экотутумдардын сакталышына көмөктөшкөн, климаттын өзгөрүшүнө, экстремалдуу аба ырайына, кургакчылыкка, суу ташкындарына жана башка кырсыктарга көнүп кетүү жөндөмүн бекемдеген, акырындык менен жердин жана жер кыртышынын сапатын жакшырткан айыл чарба жүргүзүүнүн ыкмаларын ишке киргизүү | Климаттын өзгөрүшүнө, экстремалдуу аба ырайына, кургакчылыкка, суу ташкындарына жана башка кырсыктарга ыңгайлашуу стратегияларын өндүрүмдүүлүктү жана өндүрүштү жогорулатуу, жашоо үчүн кара-жаттарды жакшыртуу жана мажбурланган экологиялык миграцияны болтурбоо үчүн айыл чарба жамааттарына көмөктөшүү максатында жакшыртуу. |

## 3-МАКСАТ. ЖАШООНУН СЕРГЕК МҮНӨЗҮН КАМСЫЗДОО ЖАНА БААРДЫГЫНА КААЛАГАН КУРАКТА БАКУБАТ ЖАШООСУ ҮЧҮН КӨМӨКТӨШҮҮ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
| --- | --- |
| **3.1** 2030-жылга карата эненин өлүмүнүн глобалдык коэффициентин ар бир 100 000 тирүү төрөлгөн ымыркайга 70тен ашпаган учурга чейин төмөндөтүүга | Энелер менен кош бойлуу аял-мигранттардын бардык өлкөлөр менен жамааттардагы, анын ичинде качкындардын лагерлериндеги, убактылуу жайгаштыруу жайларындагы жана ИЖА үчүн жайлардагы энени коргоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр (акушердик, төрөткө чейинки жана төрөттөн кийинки жардам) жеткиликтүү болушун кеңейтүү жана энелердин ооруп калышын жана өлүмүн азайтуу үчүн аялуу болуу көйгөйүн чечүү. |
| **3.2** 2030-жылга карата жаңы төрөлгөн жана беш жашка чейинки наристелердин болтурбай коюуга мүмкүн болгон өлүмгө дуушар болуусун токтотуу, мында баардык өлкөлөра неонаталдык өлүмгө дуушар болуунун санын 1000 тирүү төрөлгөн ымыркайга 12ден ашпаган учурга, ал эми беш жашка чейинки куракттагыларда неонаталдык өлүмгө дуушар болуунун санын 1000 тирүү төрөлгөндөргө 12ден ашпаган учурга чейин азайтууга умтулушу керек | Баардык өлкөлөрдөгү, анын ичинде качкындардын лагерлериндеги, убактылуу жайгаштыруу жайларындагы жана ИЖА үчүн жайлардагы мигранттардын жаңы төрөлгөн жана 5 жашка чейинки балдарынын аялуу болуу көйгөйүн чечүү, аларга саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрү жеткиликтүү болушун жакшыртуу, оорууга чалдыгууну жана өлүмгө дуушар болууну төмөндөтүү. |
| **3.3** 2030-жылга карата азырынча анча көңүл бурулбай келе жаткан ЖИКС, кургак учук, безгек жана тропикалык оорулардын эпидемиясын токтотуу жана гепатитке, суу аркылуу жуккан ооруларга жана башка жугуштуу ооруларга каршы күрөштү камсыздоо | Баардык өлкөлөрдөгү, анын ичинде качкындардын лагерлериндеги, убактылуу жайгаштыруу жайларындагы жана ИЖА үчүн жайлардагы мигранттардын эпидемиологиялык жактан аялуу болушуна байланышкан көйгөйдү чечүү, медициналык кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүү болушун жакшыртуу, ЖИКС, кургак учук, безгек жана тропикалык ооруларга чалдыгууну жана өлүмгө дуушар болууну төмөндөтүү.<br><br>Мигранттардын муктаждыктарын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү, АИВ-инфекциясы, кургак учук, безгек, тропикалык оорулар, гепатит, суу аркылуу жуккан оорулар, жугуштуу оорулар менен күрөшүү боюнча саясатка жана программаларга интеграциялоо. |
| **3.4** 2030-жылга карата психикалык ден соолукту жана бакубаттуулукту колдоо, алдын алуу жана дарылоо аркылуу жугуштуу эмес оорулардан мезгилсиз өлүмгө дуушар болуунун санын үчтөн бирге азайтуу | Саламаттык сактоо жаатындагы үзгүлтүксүз кызмат көрсөтүүлөрдүн буга чейинки өнөкөт оорулар үчүн да жеткиликтүү болушун жакшыртуу жана буга байланышкан табигый жана мезгилсиз өлүмгө дуушар болууну төмөндөтүү үчүн баардык өлкөлөрдөгү мигранттардын, анын ичинде качкындардын лагерлериндеги, убактылуу жайгаштыруу жайларындагы жана ИЖА үчүн жайлардагы мигранттардын жугуштуу эмес ооруларга карата аялуу болушуна байланышкан көйгөйдү чечүү.<br><br>Мигранттардын саламаттык сактоодогу керектөөлөрүн саясатка жана жугуштуу эмес оорулар менен күрөшүү боюнча программаларга интеграциялоо. |
| **3.5** Психоактивдүү заттарга көз карандылыктын, анын ичинде баңгизаттар менен алкоголду ашыкча колдонуунун алдын алууну жана дарылоону жакшыртуу | Баардык мигранттардын арасындагы психоактивдүү заттарды ашыкча колдонуу көйгөйүн чечүү. Айрым аялуу топтор үчүн, мисалы, адамдарды сатуунун курмандыктары үчүн ашыкча колдонуу деңгээли жогорураак болушу мүмкүн.<br><br>Мигранттардын керектөөлөрүн саламаттык сактоо саясатына жана психоактивдүү заттарды ашыкча колдонуу менен күрөшүү боюнча программаларга интеграциялоо. |

**3.7** 2030-жылга карата баардыгына сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолукту коргоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде үй-бүлөнү пландоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болушун камсыздоо, маалымдоо жана агартуу иштерин жүргүзүү, репродуктивдүү ден соолукту коргоо маселелерин улуттук стратегияларда жана программаларда эске алуу

Тийиштүү медициналык кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болушун жакшыртуу үчүн баардык өлкөлөрдөгү, анын ичинде качкындардын лагерлериндеги, убактылуу жайгаштыруу жайларындагы жана ИЖА үчүн жайлардагы мигранттардын сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолукка карата аялуу болуу көйгөйлөрүн чечүү. Мигранттар бул программаларга камтылган учурда гана алардын баардыгы үчүн жеткиликтүү болушун камсыздаса болот.

Миграциялык айлампанын баардык этаптарында аял-мигранттар үчүн сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолук, маалымдоо жана билим берүү маселелеринде көмөктөшүү.

Мигранттардын сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолукка болгон муктаждыктарын саламаттык сактоонун жергиликтүү же улуттук программаларына жана саясаттарына интеграциялоо.

---

**3.8** Саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрү жалпыга жеткиликтүү болушун камсыздоо, анын ичинде каржылык тобокелдиктерден коргоону, сапаттуу негизги медициналык-санитардык кызмат көрсөтүүлөр менен коопсуз, натыйжалуу, сапаттуу жана кымбат эмес негизги дары-дармек каражаттары менен вакциналар жеткиликтүү болушун камсыздоо

Миграция ден соолуктун социалдык детерминанты экендигин жана жалпы медициналык тейлөөгө жетишүүгө көмөктөшө тургандыгын түшүнүү.

Баардык мигранттарды медициналык тейлөөгө камтуу, аларды медициналык камсыздандыруу жөнүндө жергиликтүү же улуттук саясаттарга, мыйзамдарга киргизүү, макамы жөнгө салынбаган мигранттарга жана бейформал сектордогу мигранттарга басымдуу көңүл буруу. Жалпы медициналык тейлөөгө камтылуу менен мигранттар калктын бир бөлүгү катары кабылданат жана буга жетишүү үчүн мигранттар аталган программага киргизилиши керек.

Мигранттарга сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүлөр баардык шарттарда, анын ичинде өткөөл мезгилде, кризистик жагдайга кабылган учурда жана табигый кырсыктардын шартында да жеткиликтүү болушун камсыздоо.

Маалымат топтоо жана байкоо жүргүзүү механизмдерин саламаттык сактоо жаатындагы керектөөлөрдү түшүнүү жана мигранттардын ден соолугуна тийиштүү өзгөрүлмөлөргө мониторинг кылуу максатында иштеп чыгуу.

---

**3.B** Биринчи кезекте өнүгүп жаткан өлкөлөргө таасир тийгизген жугуштуу жана жугуштуу эмес ооруларды дарылоо үчүн вакциналарды жана дары-дармектерди изилдөөгө жана иштеп чыгууга көмөктөшүү, кымбат эмес негизги дары-дармектердин жана вакциналардын “ИМУСАК боюнча келишим жана коомдук саламаттык сактоо” Доха декларациясына ылайык жеткиликтүү болушун камсыздоо, бул декларацияда өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн Келишимдин калктын саламаттыгын коргоо максаттары, анын ичинде баардык адамдар үчүн дары-дармектер жеткиликтүү болушун камсыздоо үчүн ийкемдүү болушуна карата интеллектуалдык менчик укуктарынын соода аспектилери боюнча жоболорун колдонуу укугу бекемделген

Мигранттар менен ИЖАнын аларды кабыл алган жамааттар менен бирге улуттук программага камтылган вакциналардын баардык түрү менен эмделиши үчүн калктын максаттуу топторуна киргизилишин камсыздоо.

Жалпы медициналык тейлөөгө жетишүү максатында мигранттар арасындагы негизги дары-дармек каражаттары жеткиликтүү болушун камсыздоо.

| | |
|---|---|
| **3.C** Өнүгүп жаткан өлкөлөрдөгү, өзгөчө анча өнүкпөгөн жана аралдардагы чакан өнүгүп жаткан мамлекеттерде саламаттык сактоону каржылоону кыйла көбөйтүү, медициналык кадрларды тандап алуу, өнүктүрүү, кесиптик даярдыктан өткөрүү жана иш ордуларында кармап калуу | Саламаттык сактоону каржылоону мигранттардын ден соолугунун керектөөлөрүн колдоо жана медициналык камсыздандыруу үчүн көбөйтүү.<br><br>Саламаттык сактоо кызматкерлеринин миграция контекстинде ДССУнун Глобалдуу практикасы кодексине ыктуулугун жана аны таануусун бекемдөө.<br><br>Медициналык кесиптик көндүмдөрдү диаспорадан жамааттардагы жана даректүү өлкөлөрдөгү медициналык кызматкерлерге өткөрүп берүү боюнча программаларга колдоо көрсөтүү. |
| **3.C** Баардык өлкөлөрдүн, өзгөчө өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн эртелеп алдын алуу, тобокелдиктерди азайтуу жана ден соолук үчүн улуттук жана глобалдык тобокелдиктерди жөнгө салуу жаатындагы даражасын арттыруу | Оорулар пайда болушунун натыйжалуу алдын алуу, аныктоо жана жооп кайтаруу үчүн миграциянын маани-маңызын жана калктын мобилдүүлүгүн түшүнүү.<br><br>Өзгөчө кырдаалдарга даяр турууну камсыздоо боюнча иш-аракеттерде, ден соолук жана оорулардын алдын алуу жаатында, анын ичинде кырсыктардын контекстинде мигранттарды жана миграцияны эске алуу.<br><br>Мигранттар менен ИЖАны эртелеп алдын алуу тутумуна интеграциялоо. |

## 4-МАКСАТ. БААРДЫГЫН КАМТЫГАН ЖАНА АДИЛЕТ САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮ КАМСЫЗДОО ЖАНА БААРДЫГЫ ҮЧҮН ӨМҮР БОЮ БИЛИМ АЛУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮН КОЛДООГО АЛУУ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **4** Ар тараптуу жана тең укуктуу сапаттуу билим берүүнү камсыздоо, баардыгына өмүр бою билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү | Миграциялык айлампанын баардык этаптарындагы мигранттардын баардык топтору, анын ичинде мигрант балдар, качкындар, репатрианттар жана ИЖА үчүн баштапкы, орто жана жогорку билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана жеткиликтүү болушун колдоого алуу.<br><br>Билим берүү, кесиптик көндүмдөр, окутуу мүмкүнчүлүктөрү жана эмгек рыногунун ортосундагы байланыштарды бекемдөө. |
| **4.1** 2030-жылга карата баардык кыздар менен балдар окутуунун керектүү жана натыйжалуу жыйынтыктарына жетишүүгө мүмкүнчүлүк берген акысыз, тең укуктуу жана сапаттуу баштапкы жана орто билим алуусун камсыздоо | Миграциялык айлампанын баардык этаптарында баардык мигрант балдар үчүн баштапкы жана орто билим берүүнүн сапатын жакшыртуу жана жеткиликтүү болуусун колдоого алуу.<br><br>Орто билим менен кесиптик же техникалык көндүмдөрдүн ортосундагы байланыштарды эмгек рыногу жеткиликтүү болушун жеңилдетүү жана татыктуу ишке орноштуруу максатында бекемдөө. |
| **4.2** 2030-жылга карата баардык кыздар менен балдарга кичинекей балдарды өнүктүрүүнүн, аларга кам көрүүнүн жана мектепке чейинки билим берүүнүн сапаттуу тутумдары жеткиликтүү болушун камсыздоо | Миграциялык айлампанын баардык этаптарында баардык мигрант балдар үчүн жаш балдарды өнүктүрүүнүн, аларга кам көрүүнүн жана мектепке чейинки билим берүүнүн сапатын жакшыртуу жана жеткиликтүү болушун колдоого алуу. |

| | |
|---|---|
| **4.3** 2030-жылга карата баардык аялдар менен эркектер үчүн кымбат эмес жана сапаттуу кесиптик-техникалык жана жогорку билим берүүнүн, анын ичинде университеттик билим берүүнүн жеткиликтүү болушун камсыздоо | Миграциялык айлампанын баардык этаптарында мигранттардын баардык топтору, анын ичинде качкындар, репатрианттар жана ИЖА үчүн техникалык, кесиптик жана жогорку билим берүүнү жакшыртуу жана жеткиликтүү болушун колдоого алуу.<br><br>Жогорку билим, техникалык жана кесиптик көндүмдөр, окутуу мүмкүнчүлүктөрү жана эмгек рыногунун ортосундагы байланыштарды бекемдөө.<br><br>Мигранттарга андан аркы билим берүү жана ишке орношуу жеткиликтүү болушун жеңилдетүү үчүн алынган квалификацияларды таануу жана ар кыл өлкөлөрдөгү билим алуунун жол-жоболорун өркүндөтүү. |
| **4.4** 2030-жылга карата ишке орношуу, татыктуу жумушка ээ болуу жана ишкердик менен алектенүү үчүн керектүү көндүмдөргө, анын ичинде кесиптик-техникалык көндүмдөргө ээ болгон жаш жана улуу курактагы адамдардын санын кыйла жогорулатуу | Татыктуу жумуш жеткиликтүү болушу үчүн мигранттардын квалификациясын жогорулатып, даярдыктан өткөрүү.<br><br>Окутуу, көндүмдөргө ээ болуу жана эмгек рыногунун ортосундагы жергиликтүү жана улуттук байланыштарды конкреттүү кесип үчүн жумушчу күчтөрүнүн жетишсиздиги же белгилүү бир кесиптеги адамдардын эмиграциясы сыяктуу ар кандай дал келбөөчүлүктү четтетүү максатында жакшыртуу. |
| **4.5** 2030-жылга карата билим берүү жаатындагы теңсиздикти жоюу жана калктын аялуу топтору, анын ичинде майыптар, жергиликтүү калктын өкүлдөрү жана аялуу абалдагы балдар үчүн билим берүүнүн жана баардык деңгээлдеги кесипчилик-техникалык даярдыктын бирдей жеткиликтүү болушун камсыздоо | Мигранттардын баардык топторун баардык жергиликтүү жана улуттук билим берүү жана окуу программаларына жана саясатка интеграциялоо.<br><br>Мигранттарга андан аркы билим берүү жана ишке орношуу жеткиликтүү болушун жеңилдетүү үчүн алынган квалификацияларды таануу жана ар кыл өлкөлөрдөгү билим алуунун жол-жоболорун өркүндөтүү. |
| **4.А** Балдардын кызыкчылыктарын, майыптардын өзгөчө муктаждыктарын жана гендердик аспектилерди эске алган окуу мекемелерин түзүү жана өркүндөтүү, баардыгы үчүн коопсуз, зомбулуктан, социалдык бөгөттөрдөн эркин жана натыйжалуу окуу чөйрөсүн камсыздоо | Жергиликтүү жана улуттук деңгээлде мигрант балдарды жана алардын керектөөлөрүн билим берүү жаатындагы саясат менен программаларга интеграциялоодо инклюзивдүү ыкманы кабыл алуу. |
| **4.В** 2020-жылга карата дүйнөдө өнүгүп жаткан өлкөлөргө, өзгөчө анча өнүкпөгөн өлкөлөргө, аралдардагы чакан мамлекеттерге жана африкалык өлкөлөргө өнүккөн өлкөлөрдө жана башка өнүгүп жаткан өлкөлөрдө жогорку билим алуу, анын ичинде кесиптик-техникалык билим алуу жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар маселелери, техникалык, инженердик жана илимий программалар боюнча окутуу үчүн бериле турган стипендиялардын санын кыйла көбөйтүү | Чет жактардын жогорку окуу жайларында билим алуу, анын ичинде студенттерди алмашуу программалары жана студенттердин мобилдүүлүгүнүн башка ар кандай формалары үчүн стипендиялардын санын көбөйтүү. |

# 5-МАКСАТ. ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИКТИ КАМСЫЗДОО ЖАНА БААРДЫК АЯЛДАР МЕНЕН КЫЗДАРДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **5.2** Эл алдында жана жеке чөйрөлөрдө баардык аялдар менен кыздарга карата зомбулуктун бүткүл формаларын, анын ичинде адамдарды сатууну жана эзүүнүн сексуалдык жана башка формаларын жоюу | Аялдар менен кыздарды сатуунун баардык формалары менен күрөшүү.<br><br>Миграциялык айлампанын баардык этаптарында аялдар менен кыздарга зомбулук көрсөтүү жана эзүү көйгөйлөрүн чечүү. Буга алар транзит учурунда (мисалы, бир жактарга барганда же качкындар үчүн лагерлерде же убактылуу жайгашуучу жайларда) же барууну көздөгөн жерлерде (мисалы, иш берген адам тарабынан) дене-бойлук, сексуалдык же психологиялык зомбулукка дуушар болуу кирет.<br><br>Аялдар менен кыздардын мажбурланган миграциясынын себеби катары чыккан жана жаңжалга байланышкан сексуалдык зомбулукту же жынысы боюнча зомбулукту четтетүү. |
| **5.3** Балалык нике, эрте нике жана мажбурлап никеге тургузуу жана аялдардын жыныс мүчөлөрүнө майып кылуучу операцияларды жасоо сыяктуу зыяндуу практикалардын баардык зыяндуу түрлөрүн жоюу | Балалык нике, эрте нике жана мажбурлап никеге тургузууга жана башка зыяндуу практикаларга байланышкан динамиканы изилдөө. |
| **5.4** Улуттук шарттарды эске алуу менен үй чарбасын жүргүзүү жана үй жумуштарын аткаруу боюнча акы төлөнбөгөн эмгекти таануу жана баалоо, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, инфраструктура жана социалдык коргоо тутуму болушун камсыздоо, үй чарбасын жүргүзүүдөгү жана үй-бүлөдөгү жалпы жоопкерчилик принцибин колдоого алуу | Үй жумуштарын аткарган мигранттардын бакубаттуулугу менен макамын арттыруу, укуктар менен кызыкчылыктарын, макамын коргоо.<br><br>Үй жумуштарын аткарган аял мигранттардын социалдык коргоого алынуусунун укуктуулугун, бирдей жеткиликтүү болушун жана камтылуусун камсыздоо. |
| **5.6** Калк жайгаштыруу жана өнүгүү боюнча эл аралык конференциянын иш-аракеттер программасына, Пекин иш-аракеттер платформасына жана алардын аткарылышынын жүрүшүн кароо боюнча конференциялардын корутунду документтерине ылайык сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолукту коргоо жаатындагы кызмат көрсөтүүлөр, ошондой эле репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруунун жалпыга жеткиликтүү болушун камсыздоо | Мигранттардын, өзгөчө аял мигранттардын качкындардын лагерлеринде, убактылуу жайгашкан жайларда жана ИЖА жайларында сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолукка карата аялуу болушуна байланышкан көйгөйдү аларга медико-санитардык жардам жеткиликтүү болушун кеңейтүү максатында чечүү. Мигранттар программага киргизилген учурда гана булардын жалпыга жеткиликтүү болушуна жетишсе болот.<br><br>Мигранттардын сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолук боюнча керектөөлөрү менен укуктарын мыйзам актыларындагы, саясаттагы тийиштүү программаларга интеграциялоо. |
| **5.A** Аялдарга экономикалык ресурстарга бирдей укуктарды берүү, жерге жана менчиктин башка формаларына ээлик кылуу жана башкаруу, каржылык кызмат көрсөтүүлөр, мураска калтырылган мүлк жана табигый ресурстар улуттук мыйзамдарга ылайык жеткиликтүү болушун камсыздоо максатында реформаларды жүргүзүү | Экономикалык ресурстарга, ошондой эле жерге жана менчиктин башка формаларына ээлик кылуу жана башкаруу, каржылык кызмат көрсөтүүлөр, мураска калтырылган мүлк жана табигый ресурстар жеткиликтүү болушуна карата гендердик теңчилик көйгөйлөрүн чечүү, анткени алар миграциянын ыктымалдуу фактору болушу мүмкүн.<br><br>Аял мигранттар үчүн экономикалык ресурстар, ошондой эле жерге жана менчиктин башка формаларына ээлик кылуу жана башкаруу, каржылык кызмат көрсөтүүлөр, мураска калтырылган мүлк жана табигый ресурстар бирдей жеткиликтүү болушун камсыздоо. |

## 6-МАКСАТ. БААРДЫГЫ ҮЧҮН СУУ РЕСУРСТАРЫНЫН ЖАНА САНИТАРИЯНЫН БОЛУШУН ЖАНА САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНЫЛЫШЫН КАМСЫЗДОО

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **6.1** 2030-жылга карата коопсуз жана кымбат эмес ичүүчү суу баардыгына жалпы жана тең укуктуу негизде жеткиликтүү болушун камсыздоо | Баардык мигранттарды жашоо айлампасынын баардык этаптарында коопсуз ичүүчү суу жеткиликтүү болушун жакшыртуу боюнча иш-аракеттерге камтуу.<br><br>Баардык жамааттарга, анын ичинде мигранттарга да, кабыл алуучу жамааттарга да суу жеткиликтүү болушун адилеттүү жана туруктуу негизде камсыздоо боюнча иш. |
| **6.2** 2030-жылга карата тийиштүү санитардык-гигиеналык каражаттар жалпыга жана тең укуктуу негизде жеткиликтүү болушун камсыздоо жана ачык асман алдындагы дефекацияны токтотуу, мында аялуу абалда болгон аялдар менен кыздардын керектөөлөрүнө өзгөчө көңүл буруу керек | Баардык мигранттарды жашоо айлампасынын баардык этаптарында тийиштүү жана адилеттүү санитария менен гигиена жеткиликтүү болушу боюнча программаларга киргизүү.<br><br>Баардык жамааттарга, анын ичинде мигранттарга да, кабыл алуучу жамааттарга да тийиштүү жана адилеттүү санитария менен гигиена жеткиликтүү болушу боюнча иш. |

## 7-МАКСАТ. КЫМБАТ ЭМЕС, ИШЕНИМДҮҮ, ТУРУКТУУ ЖАНА ЗАМАНБАП ЭНЕРГИЯ БУЛАКТАРЫ БААРДЫГЫ ҮЧҮН ЖЕТКИЛИКТҮҮ БОЛУШУН КАМСЫЗДОО

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **7.1** 2030-жылга карата кымбат эмес, ишенимдүү жана заманбап энергия менен камсыздоо жалпыга жеткиликтүү болушун камсыздоо | Баардык мигранттарды жашоо айлампасынын баардык этаптарында ишенимдүү жана заманбап энергия менен камсыздоо жеткиликтүү болушун жакшыртуу иштерине аралаштыруу.<br><br>Баардык жамааттарга, анын ичинде мигранттарга да, кабыл алуучу жамааттарга да бирдей жана туруктуу энергетикалык кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болушун камсыздоо боюнча иш. |
| **7.B** 2030-жылга карата баардык өнүгүп жаткан өлкөлөргө, өзгөчө анча өнүкпөгөн өлкөлөргө, аралдардагы чакан мамлекеттерге жана деңизге чыгуу жолдору жок өлкөлөргө алардын тийиштүү колдоо программаларын эске алуу менен заманбап жана туруктуу энергия менен камсыздоо үчүн инфраструктураны кеңейтүү жана модернизациялоо | Мигранттык жана диаспоралык инвестицияларды көбөйтүү, билим менен көндүмдөрдү, ошондой эле башка механизмдерди энергетикалык инфраструктура менен технологияларды туруктуу өнүктүрүүгө багытталган демилгелерге өткөрүп берүү. |

# 8-МАКСАТ. ЫРААТТУУ, БААРЫН КАМТЫГАН ЖАНА ТУРУКТУУ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШКӨ, ТОЛУК ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮК ИШКЕ ОРНОШТУРУУГА ЖАНА БААРДЫГЫ ҮЧҮН ТАТЫКТУУ ИШКЕ КӨМӨКТӨШҮҮ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **8.1** Улуттук шарттарга ылайык калктын санына карата экономикалык өсүштү колдоо, анын ичинде анча өнүкпөгөн өлкөлөрдө ички дүң продукциянын өсүшүн жылына 7 пайыздан аз эмес деңгээлде кармап туруу. | Мигранттардын жамаатка жана өлкөгө кошкон салымын, анын ичинде ИДПнын өсүшүнө тийгизген оң таасирин таануу жана көбөйтүү. Бул узак убакыт ичинде көндүмдөрдү жакшыртуу жана башка механизмдер аркылуу эмгек рыногундагы өндүрүмдүүлүктү, суроо-талапты жогорулатуунун эсебинен көрүнөт. |
| **8.2** Диверсификация, техникалык модернизация жана инновациялык ишмердүүлүк, анын ичинде жогорку кошумча нарктуу жана көп мээнет талап кылган секторлорго өзгөчө көңүл буруу аркылуу экономикадагы өндүрүмдүүлүктү жогорулатууга жетишүү | Мигранттардын жамаатка жана өлкөгө кошкон салымын, анын ичинде ИДПнын өсүшүнө тийгизген оң таасирин таануу жана көбөйтүү. Бул эмгек рыногундагы өндүрүмдүүлүктү, суроо-талапты жогорулатуунун эсебинен көрүнөт, анткени көндүмдөр жергиликтүү кызматкерлер арасында узак убакыт ичинде көбүрөөк натыйжалуу бөлүштүрүлөт эмеспи, ошондой эле ар түрдүүлүктү кеңейтүүдөн, ишкердиктен жана инновациялардан көрүнөт. Миграция жамааттардагы бул процесске көндүмдөрдү жана технологияларды өткөрүп берүү аркылуу көмөктөшө алат. |
| **8.3** Өндүрүмдүү ишмердүүлүккө, татыктуу жумушчу орундарды түзүүгө, ишкердикке, чыгармачылыкка жана инновациялык ишмердүүлүккө көмөктөшкөн саясатты өнүктүрүүгө багытталган саясатты жүргүзүүгө көмөк кылуу, микро-, чакан жана орто ишканалардын расмий түрдө таанылышын жана өнүгүүсүн колдоого алуу, анын ичинде аларга каржылык кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болушун камсыздоо аркылуу колдоо | Жумушчу орундарын түзүүнү, ишкердикти, инновацияларды колдоого багытталган саясатты төмөнкү максатта колдоо жана расмий түрдө бекемдөө:<br>→ Толук жана жарым-жартылай ишке орноштуруу көйгөйлөрүн, эмгектин начар шарттарын жана ишкердик үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугун миграциянын ыктымалдуу фактору катары чечтетүү;<br>→ Мигранттардын толук жана жарым-жартылай ишке орношуу көйгөйлөрүн чечүү;<br>→ Тийиштүү эмгек шарттарын камсыздоо жолу менен эмгек мигранттарын коргоо.<br><br>Жумушчу орундарды түзүүдө, ишкердикте, инновацияларда инклюзивдүү ыкманы колдонуу жана расмий түрдө бекемдөө, бул мигранттардын баардык топторунун, анын ичинде (бирок булар менен гана чектелбестен) качкындардын, репатрианттардын жана ИЖАнын керектөөлөрү менен кызыкчылыктарын бириктирет.<br><br>Мигранттардын баардык топторуна, анын ичинде качкындарга жана репатрианттардын ишканаларына, ошондой эле мигранттар түзгөн ишканаларга каржылык кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болушун кеңейтүү. |
| **8.5** 2030-жылга карата баардык эркектер менен аялдар, анын ичинде жаш адамдар менен майыптар үчүн толук жана өндүрүмдүү ишке орношууну жана татыктуу ишти, ошондой эле бирдей баалуулуктагы иш үчүн бирдей акы төлөөнү камсыздоо | Жергиликтүү жана улуттук ишке орноштуруунун деңгээлин жана татыктуу жумуш жеткиликтүү болушун төмөнкү максаттарда жогорулатуу:<br>→ Толук жана жарым-жартылай ишке орноштуруу көйгөйлөрүн, эмгектин начар шарттарын жана ишкердик үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугун миграциянын ыктымалдуу фактору катары чечтетүү;<br>→ Мигранттардын толук жана жарым-жартылай ишке орноштуруу көйгөйлөрүн чечүү;<br>→ Тийиштүү эмгек шарттарын камсыздоо жолу менен эмгек мигранттарын коргоо.<br><br>Мигранттардын баардык топтору, анын ичинде качкындар, репатрианттар жана ИЖА үчүн (бирок булар менен гана чектелбестен) жумушчу орундарды түзүүдө, ишкердикте, инновацияларда инклюзивдүү ыкманы колдонуу. |

| | |
|---|---|
| | Миграциянын ыктымалдуу фактору жана аял мигранттарды коргоо иши катары ишке орноштуруу деңгээлин жогорулатууга жана аялдар үчүн татыктуу ишти камсыздоого көңүл буруу, алардын ишинин экономикалык баалуулугун жогорулатуу. |
| **8.6** 2020-жылга карата иштебеген, окубаган жана кесиптик көндүмдөргө ээ болбогон жаштардын үлүшүн кыйла кыскартуу | Жергиликтүү жана улуттук деңгээлдеги ишке орноштуруунун деңгээлин жогорулатуу жана жаштарга татыктуу иш жеткиликтүү болушун кеңейтүү:<br>→ Миграциянын ыктымалдуу фактору катары мигранттардын толук жана жарым-жартылай ишке орноштуруу көйгөйлөрүн чечүү;<br>→ Жаш мигранттардын арасындагы толук жана жарым-жартылай ишке орноштуруу көйгөйлөрүн чечүү;<br>→ Жаш эмгек мигранттарын тийиштүү эмгек шарттарын камсыз кылуу аркылуу коргоого алуу. |
| **8.7** Мажбурлоочу эмгекти жок кылуу, заманбап кулчулук жана адамдарды сатууну жоюу жана балдардын эмгегинин эң начар формаларына, анын ичинде жаш балдарды жоокер болууга азгырууга жана пайдаланууга тыюу салууну жана жоюуну камсыздоо үчүн тез арада жана натыйжалуу чараларды көрүү, 2025-жылга карата балдардын эмгегинин баардык формаларын жок кылуу | Адамдарды сатуунун баардык формалары, анын ичинде балдарды сатууга каршы күрөшүү.<br><br>Мигранттардын балдарынын жана ата-энесиз калган балдардын аялуу болуу көйгөйлөрүн чечүү, анткени бул алардын адамдарды сатуу же/жана алардын эзүүгө кабылуу ыктымалдыгын жогорулатат.<br><br>Жашоонун жана эмгектин начар шарттарынан, эзүүнүн ар кандай формаларынан, басмырлоодон жана саламаттык сактоонун кооптуу ыкмаларынан улам бүткүл миграциялык процесстер ичинде ден соолук үчүн көптөгөн тобокелдиктерге байланышкан көйгөйлөрдү чечүү. |
| **8.8** Баардык эмгекчилер, анын ичинде эмгек мигранттары, өзгөчө аял мигранттар менен туруктуу иши жок адамдар үчүн ишенимдүү жана коопсуз иш шарттары камсыздалышына көмөктөшүү жана эмгек укуктарын коргоо | Башка топторго караганда эзүүгө, зомбулукка жана/же иш берүүчү тарабынан кыянаттыкка дуушар болуу тобокелдиги жогору болгон мигранттардын эмгек укуктарын коргоо. Өзгөчө бул үй жумуштарын жасоо үчүн жалданган аял мигранттарга тиешелүү. Буга жумуш шарттарын жакшыртуу, алдамчылыксыз ишке алуу, саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон керектөөлөрүн канааттандыруу, ошондой эле адилет медициналык кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болушун камсыздоо ж. б. көптөгөн нерселер кирет. |
| **8.9** 2030-жылга карата жумушчу орундарын түзүүгө, жергиликтүү маданиятты өнүктүрүүгө жана жергиликтүү продукцияны өндүрүүгө көмөктөшкөн туруктуу туризмди колдоого алуунун стратегиясын камсыздоо | Мигранттардын топторуна, анын ичинде диаспора мүчөлөрү менен репатрианттар сыяктуу топторуна жергиликтүү жана улуттук ишке орноштуруу жана билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүүгө көмөктөшкөн туризмдин тармактарын колдоо. |
| **8.10** Улуттук каржы мекемелеринин баардык адамдар үчүн банктык, камсыздандыруу жана каржылык кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болушун колдоого алуу жана кеңейтүү жөндөмдүүлүктөрүн бекемдөө | Мигранттардын баардык топторунун каржылык интеграциясын жакшыртуу, банктык, камсыздандыруу жана каржылык кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болушун кеңейтүү. |
| **8.B** 2020-жылга карата жаштарды иш менен камсыздоонун глобалдуу стратегиясын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, Эл аралык эмгек уюмунун Жумушчу орундары жөнүндө глобалдуу пактын ишке ашыруу | Жергиликтүү жана улуттук деңгээлдеги ишке орноштуруунун деңгээлин жогорулатуу жана жаштарга татыктуу жумуштун жеткиликтүү болушун жакшыртуу:<br>→ Миграциянын ыктымалдуу фактору катары толук жана жарым-жартылай ишке орноштуруу көйгөйлөрүн чечүү;<br>→ Жаш мигранттардын толук жана жарым-жартылай ишке орношуу көйгөйлөрүн чечүү. |

## 9-МАКСАТ. ТУРУКТУУ ИНФРАСТРУКТУРАНЫ ТҮЗҮҮ, БААРДЫГЫН КАМТЫГАН ЖАНА ТУРУКТУУ ИНДУСТРИЯЛАШТЫРУУГА ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАРГА КӨМӨКТӨШҮҮ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **9.1** Сапаттуу, ишенимдүү, туруктуу инфраструктураны өнүктүрүү, анын ичинде аймактык жана трансчектик инфраструктураны экономикалык өнүгүүнү жана адамдардын бакубаттуулугун колдоо максатында баардык адамдар үчүн кымбат эмес жана тең укуктуу жеткиликтүү болгудай кылып өзгөчө көңүл буруу менен өнүктүрүү | Инфраструктураны өнүктүрүү, миграциянын ыктымалдуу фактору катары жумушсуздук көйгөйүн чечүү жолу менен өлкө ичинде жумушчу орундарын түзүү жана татыктуу жумуш берүүнү камсыздоо.<br><br>Мигранттар топторунун ишке орноштуруу инфраструктурасын өнүктүрүүгө катышуусун колдоо, анын ичинде тийиштүү көндүмдөргө жана билимге ээ болууга шарт түзүү аркылуу колдоого алуу.<br><br>Инфраструктура, өзгөчө трансчектик инфраструктура мигранттардын баардык топторуна жеткиликтүү жана бирдей болушун камсыздоо. |
| **9.2** Баардыгын камтуучу жана туруктуу индустриялаштырууга көмөктөшүү жана 2030-жылга карата өнөр жайда иштөө деңгээлин жана өнөр жайдын ички дүң продукциядагы үлүшүн улуттук шарттарга ылайык кыйла жогорулатуу, анча өнүгө элек өлкөлөрдөгү тийиштүү көрсөткүчтөрдү эки эсеге көтөрүү | Инклюзивдүү жана туруктуу индустриялаштыруу аркылуу өлкө ичинде жумушчу орундарын жана татыктуу жумуш түзүү, миграциянын ыктымалдуу фактору катары жумушсуздук көйгөйүн чечүү.<br><br>Мигранттардын топторунун өнөр жай ишканаларында иштөөсүн көндүмдөргө ээ болуу жана тийиштүү даярдыктан өткөрүү жолу менен колдоого алуу. |
| **9.3** Майда өнөр жай жана башка ишканаларга, өзгөчө өнүгүп жаткан өлкөлөрдөгүлөргө каржылык кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде арзан насыялар жеткиликтүү болушун кеңейтүү, алардын өндүрүштүк-сатуу чынжырчаларына жана рынокторго интеграциялануусун күчтөндүрүү | Мигранттардын баардык топторуна жана мигранттар, анын ичинде качкындар түптөгөн ишканаларга, репатрианттардын ишканаларына каржылык кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болушун кеңейтүү. |

## 10-МАКСАТ. ӨЛКӨЛӨРДҮН ИЧИНДЕГИ ЖАНА АЛАРДЫН ОРТОСУНДАГЫ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **10.1** 2030-жылга карата акырындык менен калктын аз камсыздалган 40 пайызынын кирешесинин өсүүсүн өлкөдөгү кирешенин орточо деңгээлинен жогору болушуна жетишүү жана ушул деңгээлде кармап туруу | Миграциянын ыктымалдуу фактору катары жакырчылыктын көйгөйүн чечүү максатында калктын аз камсыздалган 40 пайызынын кирешесинин жогорулашына жетишүү жана бул көрсөткүчтү ушул деңгээлде кармап туруу.<br><br>Баардык мигранттардын укуктары жана керектөөлөрү жөнүндө пунктту кедейчиликти кыскартуу боюнча улуттук стратегияларга жана калктын аз камсыздалган 40 пайызына, анын ичинде башпаанек сурагандарга, качкындарга жана ИЖАга багытталган программаларга интеграциялоо.<br><br>Миграция, өнүгүү, кедейчиликти кыскартуунун ортосундагы байланыштарды моюндоо жана колдоого алуу, мисалы, миграция менен саламаттык сактоо жана билим берүү сыяктуу ар кыл секторлордун ортосундагы өз ара байланышты орнотуу жолу менен колдоо. |
| **10.2** 2030-жылга карата баардык адамдардын социалдык, экономикалык жана саясий турмушка жаш курагына, жынысына, этностук таандыгына, тегине, динине жана экономикалык же башка макамына карабастан мыйзам жолу менен активдүү катышуусун колдоого алуу | Мигранттардын интеграциялануугa болгон муктаждыктарын канааттандыруу, улуту, миграциялык макамы, этностук таандыгы же башка ушуга окшош факторлор боюнча басмырлоону жоюу.<br><br>Баардык азчылыктарды өзүнчө бөлүп коюу, теңсинбөө, басмырлоо жана ксенофобияны токтотуу үчүн катыштырууга умтулуу.<br><br>Кайрылып келген мигранттарды кайрадан өз жериндеги мурдагы жамааттарына аралаштыруу жана реинтеграциялоо көйгөйлөрүн чечүү. |
| **10.3** Басмырлоочу мыйзамдарды, саясатты жана практиканы жокко чыгаруу аркылуу мүмкүнчүлүктөр теңдештигин камсыздоо жана жыйынтыктар теңсиздигин азайтуу жана бул багыттагы тийиштүү мыйзамдар менен саясатты иштеп чыгууга жана чараларды көрүүгө көмөктөшүү | Мигранттардын каалаган тобуна карата басмырлаган мүнөздөгү мыйзамдарды, саясаттарды жана практикаларды жокко чыгаруу. Мигранттарга карата инклюзивдүү болгон мыйзамды колдоого алуу. |
| **10.4** Тийиштүү саясатты, өзгөчө бюджеттик-салыктык саясатты жана айлык акы менен социалдык коргоо маселелериндеги саясатты кабыл алуу жана акырындык менен көбүрөөк теңчиликтин камсыздалышына жетишүү | Мигранттарга социалдык коргоого алынууга, катышууга жана мунун бирдей жеткиликтүү болушуна укук берген социалдык коргоо саясатын жана программаларын ишке ашыруу.<br><br>Айлык акы жаатында салык-бюджеттик саясатты ишке ашыруу, анда мигранттардын кызыкчылыгы эске алынган, ал эми алар менен жергиликтүү калктын ортосундагы теңсиздик көбөйгөн эмес. |

| | |
|---|---|
| **10.7** Тартипке салынган, коопсуз, мыйзамдуу жана жооптуу миграцияга, адамдардын мобилдүүлүгүнө көмөктөшүү, ошондой эле пландалган жана жакшы ойлонулган миграциялык саясаттарды ишке ашырууда жардам көрсөтүү | Пландалган жана жакшы башкарылган миграциялык саясаттар. Бул өзүнө жергиликтүү жана улуттук деңгээлде миграцияны башкаруу облустарынын каалагандай санын камтый алат. Карагыла: миграцияны башкаруунун алты облусу үчүн «МЭАУнун миграцияны башкаруу көрсөткүчтөрү».<br><br>Мигранттардын укуктарын жана коопсуздугун жалпы миграциялык процесс ичинде саясаттагы жана практикадагы коопсуз, ойлонуштурулган, жоопкерчиликтүү миграцияны колдоого алуу аркылуу коргоо.<br><br>Мамлекеттердин мыкты пландаштырылган жана башкарылган болочок миграциялык саясатты түзүү боюнча даражасын жогорулатуу. Мисалы, миграция менен өнүгүүнүн ортосундагы байланыштарды институционалдаштыруу жана бул суроолорду миграция жана/же өнүгүү боюнча жергиликтүү жана улуттук стратегияларга киргизүү максатында миграция көйгөйлөрүн колдоого алуу аркылуу арттыруу. |
| **10.B** Өнүктүрүү максатында расмий жардам берүүнү жана каржылык агымдарды, анын ичинде түздөн-түз чет элдик инвестицияларды көбүрөөк муктаж болгон мамлекеттерге, өзгөчө анча өнүкпөгөн өлкөлөргө, африкалык өлкөлөргө, аралдарда жайгашкан чакан мамлекеттерге жана деңизге жолу жок болгон өнүгүп жаткан өлкөлөргө алардын улуттук пландары жана программаларына ылайык багыттоону колдоого алуу | Инвестициялар менен каржылык колдоонун башка формаларын диаспоралык жамааттар менен өз ара иштешүү жолу менен колдоого алуу. |
| **10.C** 2030-жылга карата мигранттардын акчалай которууларына байланышкан операциондук чыгымдарды которулган акчанын суммасынын 3 пайызынан аз кылып кыскартуу, буга жумшалган чыгымдары 5 пайыздан ашкан акча которуу каналдарын жоюу | Акчалай которуулардын наркын төмөндөтүү, мунун аркасында мигранттарга акча которуунун ар кандай варианттары жөнүндө маалымдоо менен акча которуу рыногун ачык-айкын кылуу.<br><br>Акчалай которуулардын даражасын, мисалы, каржылык кызмат көрсөтүүлөргө камтууну кеңейтүү жолу менен жана адамдар, үй чарбалары жана жамааттар үчүн кедейликтин деңгээлин төмөндөтүү максатында жогорулатуу. |

## 11-МАКСАТ. ШААРЛАР МЕНЕН КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН АЧЫКТЫГЫН, КООПСУЗДУГУН, ТУРМУШТУК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН ТУРУКТУУЛУГУН КАМСЫЗДОО

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **11.1** 2030-жылга карата жетиштүү, коопсуз жана кымбат эмес турак-жайдын, негизги кызмат көрсөтүүлөрдүн баарына жеткиликтүү болушун камсыздоо жана ыплас жайларды көрктөндүрүү | Мигранттар жана жер которгон адамдар үчүн жашоо шарттарын жакшыртуу, алар үчүн коопсуз жана татыктуу турак жайдын жеткиликтүү болушу.<br><br>Конкреттүү жагдайда, эгер ылайыктуу болсо, мигранттардын жер жана мүлккө байланышкан көйгөйлөрүн чечүү. |
| **11.3** 2030-жылга карата баардыгы үчүн ачык жана экологиялык жактан туруктуу болгон урбанизациянын масштабын жана калктуу конуштарды комплекстүү, туруктуу пландоо жана аларды баардык өлкөлөрдө кеңири катышуунун негизинде башкаруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү | Шаарлардын мигранттардын укуктары менен кызыкчылыктарын бириктирген жана миграциялык динамикага активдүү жооп кайтарган инклюзивдүү жана туруктуу пландоосуна көмөктөшүү |
| **11.5** 2030-жылга карата табигый кырсыктардын натыйжасында, анын ичинде сууга байланышкан кырсыктардан улам дүйнөлүк ички дүң продукциясынын жоготуулары түрүндөгү түздөн-түз экономикалык зыянды кыйла азайтуу жана каза болгондор менен жабыркагандардын санын кыйла кыскартуу | Табигый кырсыктар болуу тобокелдигин, климаттын өзгөрүү кесепеттерин жана айлана-чөйрөнүн башка факторлорунун тобокелдиктерин азайтуу.<br><br>Табигый кырсыктар болуу тобокелдигин азайтуу жана аны башкаруу программаларына мигранттар жөнүндө пунктту, ошондой эле Кризиске кабылган өлкөлөрдөгү мигранттардын көйгөйү боюнча жетектөөчү принциптерге ылайык өзгөчө кырдаалдарга жооп кайтаруу тутумун киргизүү. |
| **11.А** Шаардагы, шаарга жакын жердеги жана айыл жергесиндеги позитивдүү экономикалык, социалдык жана экологиялык байланыштарды улуттук жана аймактык өнүгүүнү пландоо сапатын жогорулатуунун негизинде колдоого алуу | Климаттын өзгөрүшүнө байланышкан миграцияга карата аялуу болгон жамааттарга, ошондой эле климаттык өзгөрүүлөргө дуушар болгон райондордон чыккан мигранттарга жардам берүү боюнча пландарды башка жааттардагы жергиликтүү, улуттук жана аймактык өнүгүү саясатына бириктирүү.<br><br>«Шаар-айыл» миграциясынын муктаждыктарын координациялоону жакшыртууга багытталган пландарды бириктирүү, анын ичинде жергиликтүү жана улуттук деңгээлде бириктирүү. |
| **11.В** 2020-жылга карата социалдык бөгөттөрдү четтетүүгө, ресурстарды колдонуунун натыйжалуулугун арттырууга, климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга, анын өзгөрүшүнө ыңгайлашууга жана табигый кырсыктарга каршы туруу жөндөмдүүлүгүнө багытталган комплекстүү стратегиялар менен пландарды кабыл алып, ишке ашырып жаткан шаарлар менен калктуу конуштардын санын кыйла көбөйтүү, 2015-2030-жылдарга карата кырсыктар болуу тобокелдигин азайтуу боюнча Сендай алкактык программасына ылайык кырсыктарга байланышкан тобокелдиктерди баардык деңгээлде комплекстүү башкаруу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | Мигранттар жана алардын керектөөлөрү жөнүндөгү пунктту шаардык пландоого интеграциялоо.<br><br>Мигранттардын коопсуздугу жана аларды коргоо маселелерин шаарлардагы кырсыктар болуу тобокелдигин азайтуу жана аларды башкаруу боюнча пландарга интеграциялоо.<br><br>Шаардык пландоодогу табигый кырсыктын, климаттын өзгөрүшүнүн ж. б. курчап турган айлананын факторлорунун натыйжасында жер которуу көйгөйүн чечүү. |

## 12-МАКСАТ. КЕРЕКТӨӨНҮН ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮН САРАМЖАЛДУУ МОДЕЛДЕРИНЕ ӨТҮҮНҮ КАМСЫЗДОО

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
| --- | --- |
| **12.2 2030-жылга карата жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу өздөштүрүүгө жана натыйжалуу пайдаланууга жетишүү** | Жашоонун баардык айлампасында жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу максатында баардык мигранттарды бул процесске катыштыруу.<br><br>Баардык мигранттарды жаратылыш ресурстарын туруктуу башкарууну жана натыйжалуу пайдаланууну жакшыртуу үчүн кандай чара көрүү керектиги жөнүндө маалымат менен камсыздоо. |

## 13-МАКСАТ. КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮ ЖАНА АНЫН КЕСЕПЕТТЕРИ МЕНЕН КҮРӨШҮҮ БОЮНЧА ТЕЗ АРАДА ЧАРАЛАРДЫ КӨРҮҮ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
| --- | --- |
| **13.1 Баардык өлкөлөрдө опурталдуу климаттык кубулуштарга жана табигый кырсыктарга каршы туруу жана ыңгайлашып кетүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу** | Климаттын өзгөрүшүнөн улам жана табигый кырсыктардын айынан жер которуу тобокелдигин төмөндөтүү.<br><br>Алардын жардамы менен адамдар климатка байланышкан жана жер которуудан улам жаралган коркунучтардан өздөрүн коргой ала турган ыңгайлашуу стратегиялары менен башка механизмдерди жакшыртуу.<br><br>Мигранттар менен миграция жөнүндө пунктту климаттын, курчап турган айлана-чөйрөнүн өзгөрүшүнө, жаратылыш ресурстарын башкарууга, ошондой эле кырсыктардын тобокелдигин азайтууга жана башкарууга карата жергиликтүү жана улуттук ыңгайлашуу стратегияларына интеграциялоо.<br><br>Экологиялык мигранттарды жана жер которгон жамааттарды коргоого жана аларга жардамдашууга жооп кайтарууну жакшыртуу. |
| **13.2 Климаттын өзгөрүшүнө жооп кайтаруу чараларын улуттук деңгээлдеги саясатка, стратегияга жана пландоого киргизүү** | Калктын жер которушу, миграциясы жана климаттын өзгөрүшүнө байланышкан мобилдүүлүгү жөнүндө пунктту жергиликтүү жана улуттук саясаттарга, стратегияларга киргизүү жана климаттын, курчап турган айлана-чөйрөнүн өзгөрүшүнө жана жаратылыш ресурстарын башкарууга ыңгайлашуу чараларын пландоо, ошондой эле кырсыктар болуу тобокелдигин азайтуу жана башкаруу.<br><br>Климаттын өзгөрүшү маселесин жергиликтүү жана улуттук саясаттарга, стратегияларга киргизүү жана миграцияны башкаруу боюнча пландоо. |

| | |
|---|---|
| **13.3 Адамдар менен мекемелерге климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу, ага көнүп кетүү жана эртелеп алдын алуу боюнча агартуу иштерин жүргүзүү, маалымат жайылтуу жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуу** | Жер которуу, миграция жана климатка байланышкан калктын мобилдүүлүгү маселелерин климаттын өзгөрүшү жана климаттын өзгөрүшү менен миграциянын ортосундагы байланыш жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу маселелери боюнча баардык тийиштүү билим берүү жана маалыматтык иш-чараларга киргизүү.<br><br>Жер которуу, миграция жана климатка байланышкан калктын мобилдүүлүгү маселелерин климаттын өзгөрүшү жаатында дарамет жаратуу боюнча баардык жергиликтүү жана улуттук демилгелерге киргизүү.<br><br>Билим берүүнү жакшыртуу жана аялуу жамааттарда климаттын өзгөрүшүнө байланышкан миграциянын ыктымалдуу тобокелдиктери жана пайдасы, ошондой эле климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу боюнча стратегиялар, ага көнүп кетүү, эртелеп алдын алуу стратегиялары туурасында маалыматты жайылтуу. |
| **13.A Бириккен Улуттар Уюмунун Климаттын өзгөрүшү жөнүндөгү алкактык конвенциясынын катышуучусу болгон өнүккөн өлкөлөр өзүнө алган милдеттенмелерин аткарышы, анын ичинде жылына мобилизациялоонун максатына жетип, 2020-жылга карата жалпы аракет менен баардык булактардан 100 млрд доллар каражатты өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу боюнча конструктивдүү чараларды көрүшүнүн контекстиндеги керектөөлөрүн канааттандыруу жана аларды ишке ашыруунун ачык-айкындуулугун камсыздоо, ошондой эле Жашыл климаттык фондунун толук кандуу иштешин аны болушунча кыска мөөнөт ичинде капиталдаштыруу жолу менен камсыздоо** | Адамдардын жер которуусуна, ошондой эле миграция менен климат алмашууга байланыштуу калктын мобилдүүлүгүнө байланышкан көйгөйлөрдү камтыган климаттын өзгөрүшү жаатындагы иш-аракеттер үчүн каржылоону мобилизациялоо. |
| **13.B Анча өнүкпөгөн өлкөлөрдө жана аралдардагы чакан өнүгүп жаткан мамлекеттерде климаттын өзгөрүшүнө байланышкан пландоо жана башкаруу мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө боюнча механизмдерди түзүүгө көмөктөшүү, мында аялдарга, жаштарга жана маргиналдашкан жамааттарга көбүрөөк көңүл бурулушу керек** | Курчап турган айлана-чөйрөгө байланышкан миграция көйгөйлөрүн климаттын өзгөрүшү боюнча маселелерди пландоо жана башкаруу боюнча баардык программаларда чечүү. |

## 14-МАКСАТ. ОКЕАНДАРДЫ, ДЕҢИЗДЕРДИ ЖАНА ДЕҢИЗ РЕСУРСТАРЫН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ КЫЗЫКЧЫЛЫГЫНДА САКТОО ЖАНА САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **14.2** 2020-жылга карата олуттуу терс таасир этүүнү болтурбоо максатында экотутумдардын туруктуулугун жогорулатуу жолу менен деңиз менен жээктеги экологиялык тутумду сарамжалдуу пайдаланууну жана коргоону камсыздоо жана океандардын жакшы экологиялык абалы менен жемиштүүлүгүн камсыздоо үчүн аларды калыбына келтирүү боюнча чараларды көрүү | Жер которууга мажбур болууга же деңиз менен жээктеги экотутумдун деградацияланышынан улам жаралган адамдардын миграциясына байланышкан көйгөйдү чечүү.<br><br>Деңиз жана жээктеги экологиялык тутумдардын туруктуулугун камсыздоого багытталган демилгелерге мигранттык жана диаспоралык инвестицияларды салууну көбөйтүү. |
| **14.7** 2030-жылга карата аралдарда жайгашкан чакан мамлекеттер жана анча өнүкпөгөн өлкөлөр деңиз ресурстарын экологиялык жактан сарамжалдуу пайдалануудан, анын ичинде балык чарбачылыгын, аквамаданиятты жана туризмди экологиялык жактан сарамжалдуу уюштуруунун аркасында алган экономикалык пайдаларды жогорулатуу | Деңиз ресурстарына көз каранды болгон жамааттардын жашоосуна жумшалчу каражаттарды бул көйгөйдү миграциянын ыктымалдуу фактору катары чечүү үчүн жакшыртуу жана диверсификациялоо.<br><br>Мигранттар (анын ичинде өз жерине кайрылып келгендери да) коомго жаңы билимди, көндүмдөрдү жана технологияларды ишке киргизүү аркылуу өз салымын кошсо болот. |

## 15-МАКСАТ. КУРГАКТЫКТЫН ЭКОТУТУМУН КОРГОО ЖАНА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА АЛАРДЫ САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУГА, ТОКОЙЛОРДУ САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУГА КӨМӨКТӨШҮҮ, ЖЕРЛЕРДИН ДЕГРАДАЦИЯЛАНУУ ПРОЦЕССИН ТОКТОТУП, АРТКА БУРУУ ЖАНА БИОЛОГИЯЛЫК АР ТҮРДҮҮЛҮКТҮН ЖОГОЛУУ ПРОЦЕССИН ТОКТОТУУ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **15.3** 2030-жылга карата жердин чөлгө айланышына каршы күрөшүү, арыктаган жерлер менен жер кыртышын, анын ичинде чөлгө айланып бараткан, кургакчылыкка учураган жана суу ташкындары болгон жерлерди калыбына келтирүү, бүткүл дүйнөдө жерлердин абалы начарлабашына умтулуу | Жердин чөлгө айланышына жана деградацияга дуушар болушуна байланыштуу адамдардын жер которуусун же миграциясын четтетүү.<br><br>Жердин чөлгө айланышына жана деградацияга дуушар болушуна байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган демилгелерге мигранттык жана диаспоралык инвестицияларды салууну көбөйтүү. |

## 16-МАКСАТ. ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН КЫЗЫКЧЫЛЫГЫНДА ТЫНЧТЫК СҮЙГӨН ЖАНА АЧЫК КООМДУ КУРУУГА КӨМӨКТӨШҮҮ, БААРДЫГЫ ҮЧҮН СОТ АДИЛЕТТИГИ ЖЕТКИЛИКТҮҮ БОЛУШУН КАМСЫЗДОО ЖАНА БААРДЫК ДЕҢГЭЭЛДЕГИ НАТЫЙЖАЛУУ, ОТЧЕТ БЕРИП ТУРУУЧУ ЖАНА КЕҢИРИ КАТЫШУУГА НЕГИЗДЕЛГЕН МЕКЕМЕЛЕРДИ ТҮЗҮҮ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **16.1** Зомбулуктун баардык формаларынын таралышын кыйла азайтуу жана бүткүл дүйнөдө бул көрүнүштөн жаралган өлүмдүн көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү | Мигранттарга зыян келтире ала турган, анын ичинде ксенофобиядан же расизмден улам жаралган баардык зомбулуктун формаларын азайтуу, ошондой эле жалпы миграциялык цикл ичинде, анын ичинде кризис болуп жаткан өлкөлөрдөгү мигранттар үчүн жана миграция менен жер которуу көйгөйлөрүн чечүүнүн алкагында зомбулукка учуроо жана өлүмгө дуушар болуу учурларын азайтуу. |
| **16.2** Балдарга карата кордоо, эзүү, сатуу жана башка зомбулук менен кыйноонун баардык түрлөрүн болтурбоо | Балдарды сатуунун баардык формалары менен күрөшүү.<br><br>Мигрант балдардын аялуу болушу көйгөйүн чечүү, алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын жалпы миграциялык цикл ичинде коргоо, мисалы, мигрант баланы кармоо жөнүндө маселени чечүү, коштогон адамы жок мигрант балдарга жардам көрсөтүү. |
| **16.3** Улуттук жана эл аралык деңгээлдеги мыйзамдын үстөмдүгүнө көмөктөшүү жана баардыгына сот адилеттиги жеткиликтүү болушун камсыздоо | Мигранттардын баардык топторунун, анын ичинде эмгек мигранттарынын, макамы жөнгө салынбаган мигранттардын, адамдарды сатуунун курмандыктарынын, башпаанек издеген адамдардын, качкындардын миграция менен жер которуунун кыймылдаткыч фактору катары керектөөлөрүн жана укуктарын канааттандыруу үчүн сот адилеттигине, тийиштүү жол-жоболорго жана теңдеш укуктук жөнгө салууга жетүүсүн жакшыртуу.<br><br>Мигранттарды камакта кармоо практикасынын эл аралык укук менен стандарттарга шайкеш болушун жашы жете элек мигранттарды кармоо практикасына көзөмөл кылууга жана аны жоюуга көңүл буруу менен жөнгө салуу жана ага мониторинг кылуу. |
| **16.4** 2030-жылга карата мыйзамсыз каржылык агымдарды жана курал-жарак агымдарын кыйла азайтып, уурдалган активдерди табуу жана кайтарып алуу боюнча ишмердүүлүктү активдештирүү жана уюшкан кылмыштуулуктун баардык формалары менен күрөш жүргүзүү | Контрабандага, адамдарды сатууга жана өздүгүн тастыктаган жасалма күбөлүктөргө жана жасалма жол кире документтерине байланышкан уюшкан кылмыштуулук менен күрөшүү. |
| **16.6** Баардык деңгээлде натыйжалуу, отчет берип туруучу жана ачык-айкын мекемелерди түзүү | Миграцияга байланышы бар баардык министрликтер менен ведомстволор, институттар жана тутумдар баардык деңгээлде отчет берип туруучу жана ачык-айкын болушун камсыздоо. |
| **16.7** Баардык деңгээлдеги репрезентативдүү органдардын коомдун баардык катмарын катыштыруу менен жоопкерчиликтүү чечим кабыл алышын камсыздоо | Мигранттарды камтыган биргелешкен ыкмаларды колдоого алуу зарыл. Мигранттардын баардык типтери миграцияга жана өнүгүүгө байланышкан болушунча көп чечимдерге активдүү камтылышы керек. |

| | |
|---|---|
| **16.9** 2030-жылга карата баардык адамдарда өздүгүн тастыктаган мыйзамдуу күбөлүктөрү, анын ичинде туулгандыгы жөнүндө күбөлүгү болушун камсыздоо | Мигранттардын баардык топторун, өзгөчө мигранттардын балдарын алар алууга укуктуу болгон жана өздүгүн тастыктаган мыйзамдуу күбөлүктөр менен камсыздоо. Ошентип, жарандыгы жок калууга байланышкан көйгөй чечилет, андан сырткары, саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрү, социалдык коргоо, билим берүү жана жарандык алууга же туруктуу жашап турууга арыз берүү кызмат көрсөтүүлөрү жеткиликтүү болушу жеңилдейт. |
| **16.B** Туруктуу өнүгүү кызыкчылыгында басмырлабаган саясат менен мыйзамдарды колдоого алып, жүзөгө ашыруу | Басмырлабаган мыйзамдарда жана саясатта мигранттардын баардык типтерин жана азчылыктарды алдын алып карап чыгуу. |

## 17-МАКСАТ. ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН КЫЗЫКЧЫЛЫГЫНДА ГЛОБАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮКТҮН АЛКАГЫНДАГЫ ИШТИ АТКАРУУ ЖАНА АКТИВДЕШТИРҮҮ КАРАЖАТТАРЫН БЕКЕМДӨӨ

| 2030 Күн тартиби, ТӨМ жана Максатка караштуу маселелер | Миграциянын актуалдуулугу |
|---|---|
| **17.3** Өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн ар кандай булактардан кошумча каржылык ресурстарды мобилизациялоо | Миграцияга байланышкан баардык ресурстарды, анын ичинде акчалай которуулардын агымын жана диаспоралык инвестицияларды мобилизациялоо. |
| **17.5** Азыраак өнүккөн өлкөлөрдүн кызыкчылыгында инвестицияларды колдоо режимин кабыл алуу жана пайдалануу | Диаспоралык жамааттардын инвестициялык дараметин мобилизациялоо. |
| **17.9** Өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн туруктуу өнүгүү жаатындагы баардык максаттарга жетүү, анын ичинде Түндүк-Түштүк жана Түштүк-Түштүк линиясы боюнча кызматташтыктын жана үч тараптуу кызматташтыктын аркасында жетүү боюнча улуттук пландарын ишке ашырууга көмөктөшүү үчүн дараметин натыйжалуу жана максаттуу арттырууга эл аралык колдоо көрсөтүүнү күчөтүү | Эл аралык диалогго катышуу жана миграцияны жергиликтүү, улуттук, аймактык жана эл аралык деңгээлде башкаруу жаатындагы дарамет, анын ичинде эки тараптуу келишимдер жана кайрылып келүү миграциясы сыяктуу темалар боюнча кызматташтык түзүү.<br><br>Миграцияны өкмөттөрдүн миграцияны натыйжалуураак башкаруу үчүн дараметин түзгөн саясат менен өнүгүү программасына киргизүү боюнча иш-аракеттерди жасоо. |
| **17.13** Глобалдуу макроэкономикалык туруктуулукту жогорулатуу, анын ичинде саясатты координациялоо жана саясаттын ырааттуулугун камсыздоо аркылуу жогорулатуу | Зарыл болгон жерлерде макроэкономикалык туруктуулукка жетүү үчүн акча агымдарын, диаспоралардын инвестицияларын жана чет өлкөлүк алмашууну пайдалануу. |
| **17.14** Туруктуу өнүгүүнү камсыздоо боюнча саясатты ырааттуураак кылып өзгөртүү | Миграцияны жана миграциялык интервенциялар менен иш-чараларды башкаруунун баардык жаатттарындагы саясаттын вертикалдуу жана горизонталдуу макулдашылгандыгын жакшыртуу.<br><br>Миграция маселелерин өнүгүү пландарына камтууну колдоого алуу. |

| | |
|---|---|
| **17.16** Туруктуу өнүгүү кызыкчылыгында билимди, тажрыйбаны, технологияларды жана каржылык ресурстарды мобилизациялап, жайылткан көптөгөн кызыкдар тараптардын катышуусу менен толукталган Глобалдык өнөктөштүктү баардык өлкөлөрдө, өзгөчө өнүгүп жаткан өлкөлөрдө туруктуу өнүгүү жаатындагы максаттарга жетүүнү колдоо үчүн бекемдөө | Миграциянын дисциплиналар аралык маселелерин, мисалы, этикалык ишке алуу, мигранттардын ден соолугу жана саламаттык сактоо жаатындагы трансчектик кызматташтык маселелерин башкарууну жана чечүүнү, ошондой эле миграция, курчап турган айлана жана климаттын өзгөрүшүнүн ортосундагы байланышты жакшыртуу үчүн эл аралык уюмдардын, өкмөттөрдүн, жарандык коомдун, жеке сектордун жана башка өлкөлөрдүн ортосундагы көп тараптуу өнөктөштүк мамилелерди түзүү жана бекемдөө.<br><br>Мигранттардын өздөрүнүн өнүгүү боюнча өнөктөш катары дараметин бекемдөө. |
| **17.17** Өнөктөштөрдүн ресурстарын колдонуу тажрыйбасына жана стратегиясына таянуу менен мамлекеттик уюмдардын, мамлекеттик жана жеке сектордун, жарандык коомдун уюмдарынын ортосундагы натыйжалуу өнөктөштүккө шык-дем берүү жана колдоо | Миграциянын дисциплиналар аралык көйгөйлөрүн башкарууну жана чечүүнү жакшыртуу үчүн мамлекеттик, жеке сектордун жана жарандык коомдун ортосундагы өнөктөштүк байланыштарды түзүү жана бекемдөө, ушундай жол менен ресурстарды мобилизациялоо. |
| **17.18** 2020-жылга карата өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн, анын ичинде азыраак өнүккөн өлкөлөрдүн жана аралдардагы чакан өнүгүп жаткан мамлекеттердин дараметин өстүрүү максатында улуттук шарттарды эске алганда маанилүү болгон кирешесинин деңгээли, гендердик таандыгы, жаш курагы, расасы, улуту, миграциялык макамы, майыптыгы, географиялык жайгашкан жери жана башка мүнөздөмөлөрү боюнча дезагрегацияланган жогорку сапаттуу, актуалдуу жана анык маалыматтардын жеткиликтүү болушун кыйла жогорулатуу үчүн колдоону күчөтүү | Мамлекеттик башкаруунун, ошондой эле башка субъектилердин баардык деңгээлиндеги миграция боюнча маалыматтарды топтоо, алмашуу, мониторинг кылуу, талдоо боюнча тутумдар менен процесстерди, отчеттуулукту бекемдөө. Мисалы, миграцияга байланышкан темалар боюнча маалыматтарды такай жарыялап туруу, жергиликтүү жана улуттук мыйзамдарды, миграция жаатындагы саясатты ишке ашырууга мониторинг кылуу.<br><br>Келечекте миграция жөнүндө маалыматтарды жакшыртуу үчүн жергиликтүү жана улуттук дараметти түзүү. Мисалы, миграция маселелерине изилдөө жүргүзүү жана мониторинг кылуу үчүн изилдөөчүлөрдү, статисттерди жана илимий-изилдөө мекемелерин даярдоо.<br><br>Миграциялык макам сыяктуу миграцияга байланышкан өзгөрүлмөлөрдүн жардамы менен өнүгүү жана башка маалымат типтери жөнүндө маалыматтарды топтоону (мисалы, билим берүү жана саламаттык сактоо жаатында) жана дезагрегациялоону өркүндөтүү. |
| **17.19** 2030-жылга карата ИДПны толуктаган туруктуу өнүгүү жаатындагы прогресстин ченемдерин иштеп чыгуу боюнча азыркы демилгелерди күчөтүү. Өнүгүп жаткан өлкөлөрдөгү статистикалык дараметти күчөтүүнү колдоого алуу | Миграция боюнча маалыматтардын тегерегиндеги статистикалык тутумдар менен процесстерди өркүндөтүү.<br><br>Өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн дарамет жаратуу боюнча статистикалык жана миграцияга байланышкан баардык маалыматтарды колдоого алуу. |